ОКБББнын педагогикалык кеңешинде каралып жактырылды

№ 3 протокол

“14” 11 2018-жыл

БЕКИТЕМ

ТалМУнун ректору

А.Ш. Үлепов

“15” 11 2018-жыл

# Талас мамлекеттик университетинин кесиптик орто билим берүү бөлүмүндө (КОБББ) секция башчыларынын жана окутуучуларынын кызмат ордун ээлеп туруунун жана аларды шайлоонун тартиби жөнүндө

## ЖОБО

### 1. Жалпы жоболор

1.1 Бул жобо (мындан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын тиешелүү ченемдик-укуктук актыларынын жана КОБББнын Уставынын негизинде иштелип чыккан жана бул жобо КОБББнын секция башчыларынын жана окутуучулар курамынын кызмат ордун ээлеп туруунун тартибин жөнгө салат.

1.2. КОБББнын секция башчылары окуу жайдын педагогикалык кеңешинде жабык добуш берүү жолу менен секциянын тиешелүү квалификациясы менен профилине жооп берген, ТалМУда, колледжде жана башка билим берүү мекемелерде 3 жылдан кем эмес иштеген окутуучулардын арасынан шайланат. Окутуучулар курамынын кызмат ордуна дагы тиешелүү адистиги жана жогорку билими бар жана 1 жылдан кем эмес педагогикалык стажы бар талапкерлер шайланат. Шайлоого добуш берүүгө КОБББнын педагогикалык кеңешинин мүчөлөрү гана катыша алышат.

1.3. Секция башчыларынын жана окутуучулардын шайлоосу колледждин директору берген рапорттун негизинде ТалМУнин ректорунун буйругу менен белгиленет.

1.4. Коюлган талаптарга жооп бербеген талапкерлер конкурска катыша алышпайт жана окуу жайдын педагогикалык кеңешинин отурумунда каралбайт.

1.5. Колледждин интернет сайтында, массалык-маалымат каражаттарында КОБББнын (колледж) кызмат орундарын ээлөө боюнча шайлоосу жөнүндө төмөнкү маалыматтар жүктөлөт:

- Шайлоо өткөрүү жөнүндө жарыя;

- талапкерлерди сунуштоонун аяктаган мөөнөтү, тиешелүү документтерди кабыл алуунун мөөнөтү;

- талапкерлерди талкуулоо үчүн өткөрүлө турган педагогикалык кеңештин отурумунун датасы, убактысы, жана өтө турган жери.

- талапкерлердин телефондорунун номерлери, электрондук почталарынын даректери.

1.6. Конкурска катыша турган талапкерлер, аларды сунуштоо боюнча өткөрүлө турган секциянын, педагогикалык кеңештин отурумдарына катышуу укугуна ээ.

1.7. ТалМУнин ректору, КОБББнын кызмат орундарына талапкерлердин шайланганы тууралуу педагогикалык кеңештин чечиминин негизинде, шайланган кызматкерлер менен 1 жылдык эмгек келишимин түзөт жана тиешелүү буйрукту чыгарат. Аталган келишим 5 жылдык мөөнөт ичинде ар жыл сайын педагогикалык кенештин сунушу менен узартылып турат.

1.8. Эгерде талапкерлердин саны жалгыз эле болсо, анда КОБББнын секция башчыларын жана окутуучунун кызмат ордуна шайлоо альтернативасыз негизде да жүргүзүлүшү мүмкүн.

**2. Конкурска катышуу үчүн документтерди тапшыруу тартиби:**

2.1. Конкурска катышуу үчүн төмөндөгү документтер тапшырылат:

- ректордун наамына жазылган арыз ;

- адистерди каттоо боюнча толтурулган баракча сүрөтү менен ;

- резюме, иштеген жеринен мүнөздөмө;

- жогорку билими жөнүндө дипломдун жана эмгек китепчесинин көчүрмөсү (алар иштеген жеринен кадрлар бөлүмүнөн күбөлөндүрүлүшү керек) ;

- талапкерди конкурска катыштыруу үчүн сунуштама, ТалМУнун, структуралык бөлүмдөрүнүн (тиешелүү кафедралары), КОБББнын секциясынын ж.б. чечимдери жөнүндө протоколдору менен.

Кызмат орунду ээлөөгө берилген документтер жана кызмат ордуна сунуштама тиешелүү секциянын жыйынында (секция кызматкерлеринин катышуусу менен) жарыя кылынган бош кызмат орундарына документ берген адамдардын катышуусу менен каралат. Талапкер өзүн өзү көрсөтүү иретинде да конкурска катыша алат.

Коюлган талаптарга жооп бербеген жана өз убагында документтерди тапшырбаган талапкерлер конкурска катышуу укугуна ээ болбойт.

2.2. КОБББнын кызмат орундарын ээлөө кокурсуна катышуу үчүн арыз берүүгө квалификациялык талаптарга, профессионалдык стандарттарга жооп берген талапкерлер гана укутуу.

2.3. Конкурска талапкерлерди сунуштоо КОБББнын педагогикалык кецешинин, дисциплиналар боюнча секциянын отурумдарында, же болбосо талапкердин өзүн-өзү көрсөтүү иретинде жүргүзүлөт.

2.4. Талапкерлер өздөрү каалаган мезгилде алдын-ала конкурстук комиссияга арыз менен кайрылып, кандидатурасын алып койгонго укуктуу.

2.5. Талапкерлердин толук тизмеси, мүнөздөмөлөрү, ээлеген кызмат орду жөнүндөгү маалымат ТалМУнун сайтына жүктөлөт.

**3. Конкурсту өткөрүү тартиби**

3.1. Кызмат орундарга талапкерлерди талкуулоо колледждин педагогикалык кеңешинде жүргүзүлөт.

3.2. Кызмат орундарына талапкерлерди шайлоо КОБББнын (колледж) педагогикалык кеңешинин отурумунда жабык добуш берүү жолу менен өткөрүлөт. Отурумда ар бир талапкерге сүйлөөгө мүмкүнчүлүк берилип, добушка катышуучулардын арасынан 3-5 адамдан турган эсеп комиссиясы түзүлөт.

3.3. Конкурска катыша турган талапкерлердин аты, фамилиясы алфавиттик иретте жабык добуш берүү үчүн бир бюллетенге киргизилет. Бюллетендеги талапкерлердин фамилиясынын тушуна шайлоого катышуучулар “v” деген белги коюшат.

3.4. Конкурста шайлоочулардын 50% жана көпчүлүк добушуна ээ болгон талапкер шайланган болуп эсептелет.

3.5. КОБББнын педагогикалык кеңешинин отуруму ачык добуш берүү менен эсеп комиссиясынын секция башчыларынын шайланганы тууралуу протоколун бекитет.

3.6. Конкурстун жыйынтыгы тууралуу чечим ректордун буйругу менен тастыкталат. Буйруктун көчүрмөсү тиешелүү секция башчысына жана КОБББнын жетекчилигине тапшырылат.